| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**23.01.2023-ж. №3.** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айылынын Тегирмен көчөсүнүн атын өзгөртүү жөнүндө**

Боо-Терек айылынын Тегирмен көчөсүнүн атын которуу боюнча материалдарды карап, көчөнүн жашоочуларынын макулдугун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” жобосунун 2-пунктуна ылайык, Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айылынын тургуну Майрамбек уулу Алмаздын, Тегирмен көчөсүнүн атын Уметалиева Алима деп өзгөртүү боюнча сунушу жана Тегирмен көчөсүнүн жашоочуларынын көчөнүн атын өзгөртүү жөнүндө макулдугу эске алынсын.
2. “Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” жобосунун 2-пунктуна ылайык Боо-Терек айылынын Тегирмен көчөсүнүн аты “Уметалиева Алима” деп аты өзгөртүлсүн.
3. Көчөнүн атын өзгөртүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга (Кадастр Мамлекетик ишканасы, райондук жарандык абалдын актыларын каттоо, калкты паспорттоштуруу жана каттоо бөлүмү) каттоодон өткөрүү боюнча иш аракеттерин жүргүзүү жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
4. Эскертмелерди жасоо жана орнотуу, көчөнү жарыктандыруу, оңдоп-түзөө иштери боюнча өндүрүштүк каржылоо жагы демөөрчүлөргө тапшырылсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жер, айыл чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Мамыралиев**